*Мусаева В.И. к.п.н.*
*Кыргызская Академия Образования*

# ЖОГОРКУ КЛАССТАРДА - ИЛИМИЙ СТИЛДИ ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫ КЕПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ ҮЙРӨТҮҮ

# ОБУЧЕНИЕ УЧАЩИХСЯ СТАРШИХ КЛАССОВ РЕЧЕВЫМ КОМПЕТЕНЦИЯМ ПРИ ИЗУЧЕНИИ НАУЧНОГО СТИЛЯ

*Musaeva V.I.*

# TEACHING HIGH SCHOOL STUDENTS TO SPEECH COMPETENCE IN THE STUDY OF EDUCATIONAL AND SCIENTIFIC STYLE

***Аннотация:*** *Бул аталган макалада жалпы эле кыргыз коомундагы илимий стилдин пайда болуусуна токтолуп, негизинен, орто мектептин 10-11-класстарында кыргыз тили сабагында окуу-илимий стилди окутуу менен окуучуларды кептик компетенттүүлүккө окутуп-үйрөтүү маселелери каралды. Окуу-илимий стилге мүнөздүү анын тактыгын, жалпыландыгын, логикалуулугун, обьективдүүлүгүн окутуу менен бирге жогорку класстардын окуучуларын окуу-илимий стилде тезис түзүүгө, конспект жана анын түрлөрүн жаза алууга, реферат жаза билүүгө, цитата менен иштей алуунун жол-жоболору, ыкмалары көрсөтүлдү.*

***Аннотация:*** *В данной статье дана начало появление научного стиля в кыргызском обществе. В основном в статье рассматриваются вопросы обучения учащихся старших классов речевым компетенциям при изучении учебно-научного стиля. А, так же говорится об обучении учащихся точности, обобщенности, логичности, и обьективности учебно-научного стиля. Так же даны некоторые способы обучения составления тезисов, рефератов, конспект и цитат.*

***Annotation:*** *In this article the origin of the scientific style in the Kyrgyz society is given. Basically, the article deals with issues of teaching high school students to speech competence in the study of educational and scientific style. And, also there is discussed about teaching students the accuracy, generality, consistency and objectivity of educational and scientific style. Also, some ways of teaching the writing of abstracts, papers, notes, and quotes are provided.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *окуу-илимий стиль, кептик компетенттүүлүк, тактык, логикалуулук, обьективдүүлүк, тезис, конспект, реферат, цитата*

***Ключевые слова:*** *учебно-научный стиль, речевые компетентности, точность, логичность, обьективность, тезис, конспект, реферат, цитата*

***Key words:*** *educational and scientific style, speech competence, accuracy, consistency, objectivity, thesis, abstract, report, quote*

Дегеле, илимий стилдин өзүн алсак, ал илим-изилдөө мекемелеринде, окуу жайларда, мектептерде илимди кесип кылган бардык чөйрөлөрдө кеңири кездешет. Илим-изилдөө жүргүзгөн окумуштуу-адистер, илимпоздор өзүнө чейинки жана учурдагы иштерге сын баа берип, жекече көз карашын билдирип, илимий ой жүгүртүп, атайын метод, ыкмалардын жардамы менен зарыл фактыларды чогултуп, материалдарды ылгап тандашып, эксперименттик иликтөөлөрдү жүргүзүшөт. Аларды жалпылаштырып, талдоого алышат, системага салышат. Илимий корутунду, жыйынтык чыгарышып, далил, аргументтерди келтиришет. Айрым учурда илимий ачылыштарды жасашат. »Бул стиль XXкылымдын 20-жылдарынан баштап кыргыз коомчулугунун коммуникативдик муктаждыгынан улам пайда болгон».(3.16) «Илимий стилге илим жана техника тармагында жазылган монографиялар, илимий-популярдуу справочник-маалымдамалар, сөздүктөр, энциклопедиялар, өндүрүштүк, илимий-техникалык адабияттар, бардык окуу китептери, методикалык колдонмолор, реферат, докладдар, илимий макалалар, кандидаттык, докторлук диссертациялар кирет.»(5.90) «Илимий стилдин аткарган негизги милдети тек гана илимий маалыматты жыйноо эмес, анын чындыгын фактыматериалдар, аргументтер менен далилдөө, айрыкча, ал ачылыштын жаңылыгын, практикалык баалуулугун көрсөтүп, далилдөө болуп эсептелет»(6.170).

Жалпы эле алганда илимий стиль, негизинен, илим чөйрөсүндө, илимий мекемелерде, мектептерде атайын орто жана жогорку окуу жайларында колдонуларын окуучулар билишет. «Илимдин максаты – дүйнөнүн объективдүү картинасын чагылдыруу, андагы мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоо, изилдөөнүн чындыкка дал келээрин далилдөө жана аргументтөө» (1.181). «Бул үчүн атайын методдордун жардамы менен бай фактылар иликтөөгө алынат. Ар түрдүү эксперименттер жүргүзүлөт. Алар атайын принциптерге, фундаменталдуу түшүнүктөргө таянуу менен талдоого алынат, жалпылаштырылат, систе-

малаштырылат жана бир илимий тыянак чыгат. Ар кыл тармактар боюнча илим-билимдердин системасы бар экени белгилүү. Окумуштуу-илимпоздор тигил бул проблеманы изилдөөдө өзүнө чейинки жана өз мезгилиндеги окумуштуулардын изилдөөлөрүнө, эмгектерине кайрылат. Аларга карата өз мамилесин билдирет. Бул үчүн да маселенин маңызын туура чагылдыра турган фактыларга, далилдерге, аргументтерге таянат. Алар жалпылаштырылып, *индукция методу* колдонулат. Анын тескерисинче, зарылдыгына жараша жалпылаштыруудан жеке көрүнүштөргө, фактыларга өтүп, *дедукция методу* пайдаланылат».(5.91) Эки учурдагы тең натыйжалар салыштырылып, экспериментте текшерилет. Мындай аракеттер болмоюнча айтылган пикирлер илимий салмагын төмөндөтөт.

Жалпы билим берүүчү орто мектептер үчүн кыргыз тилинин программасын 1985-жылдардан бери түзүшүп келе жатабыз. Аталган программада жогорку класстарда класстарда кыргыз тилине жумасына 2 сааттан бөлүнүп, кыргыз тили окутулуп келүүдө. Анын ичинен «Байланыштуу кеп» бөлүмүндөгү кептин стилдеринде окуу-илимий стилине да атайын сааттар ыйгарылган. Демек, биз илимий стилди окуучуларга ылайыктап, негизинен, окуу-илимий стили катары окуучулардын кептик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү максатында окутуп-үйрөтүп келебиз.

Окуу - илимий стилдин эң негизги өзгөчөлүктөрү катары бул - **«тактык, жалпылангандык, логикалуулук, обьективдүүлүк»** (5.91-93) болуп саналат.

Окуу - илимий стилге мүнөздүү бул касиеттери терминдерде, аталыштарда так жана өз убагында, өз орду менен колдонулуп, орто мектептеги бардык предметтерди, анын ичинен кыргыз тилин окутууда окуучуларга окуу-илимий түшүнүктөрдү окутат. Булар, бир жагынан, логикалык түшүнүктү билдиришсе, экинчи жагынан окуу-илимий тактыкты, үчүнчүдөн, кыскалыкты камсыз кылат. Ошон үчүн ар бир илимдин, илим тармактарынын өзүнө мүнөздүү терминдери болот. Алар өз ич ара бүтүндүктү, системаны түзүп турат. Мисалы, кыргыз тилин алсак - сөз түркүмдөрү, алардын ар биринин аталышы – зат атооч, сын атооч, сан атооч бул – морфологиялык түшүнүк, терминдер; сөз айкашы, жөнөкөй сүйлөм жана татаал сүйлөмдөр, сүйлөм мүчөлөрү алардын ар биринин аталышы булар – синтаксистик түшүнүк, терминдер; сөз жасоо, туунду жана тубаса сөздөр булар - сөз жасоого тиешелүү түшүнүк, терминдер. Булар фонетикалык, лексикалык, стилистикалык, лексикологиялык, морфологиялык, синтаксистик, фразеологиялык түшүнүк, терминдер баары биригип, лингвистикалык (грамматикалык) терминдер деген түшүнүктү туюндуруп турат. Булардан тышкары, математикалык, физикалык биологиялык, химиялык, географиялык, философиялык, компьютердик терминдер баары биригип келип, окуу-илимий стилдин тил каражаттарын байытуу менен окуучулардын кептик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

**«9-класста тезис»(2.60) даярдоого үйрөтүү** *сабагын* мугалим ***тезис*** бул – «макала же докладдын негизги жоболорунун эч кандай мисалдарсыз абдан кыскартылган формасы экендигин түшүндүрүүдөн баштаса ылайык. «Тезис» деген сөз грек тилинен алынып, «жобо», «токтом», «бекитүү», «бекемдөө» дегенди туюндурат» (5.96). ***Тезис*** үчүн логикалык ой мүнөздүү. Ашык сөздөр, кайтоолордун зарылдыгы жок. Окуучуларга тезис деген эмне, анын мааниси аны түзүүнүн ыкмалары түшүндүрүлөт. Мисалы: «докладды же макаланы окуп жана анын бөлүмдөрүн план тибинде бөлүштүрүү, ошол пландын негизинде негизги ойду камтыган сүйлөмдөрдү, үзүндүлөрдү жазуу; ошол сүйлөмдөрдүн негизинде тезис түзүү, тактап айтканда, логикалык жактан ырааттуу, бири-бири менен байланыштуу текстти түзүү мүнөздүү» (5.96-97) болорун да окуучулар билүүгө тийиш.

Тезиске мүнөздүү өзгөчөлүк алардын ар биринин логикалык жактан жыйынтыктуулугу. Бул алардын маанилик жана синтаксистик бүтүндүгүн түзөт. Ошондуктан тезистеги ар бир пунктту бир бүтүндүүлүктүн бүткөн бөлүгү катары номерлөө (1, 2, 3) керек. Эгер, тезистин татаал түрүн түзүү керек болсо, анда далил, мисалдарды кыскача баяндагандан кийин ар бир тезисти сүйлөмдөр менен логикалык жактан байланыштырат. Натыйжада, эң негизги маселелери кыска, мазмундуу баяндалган чакан макала пайда болот. Мазмундун мындай кыскартылышын айрым учурларда ***конспект*** деп да аташат. Конспект тезистен айырмаланып, айрым жоболорду бириктирген текст катары саналат. Конспектинин жана тезистин планын түздүртүү окулган текстти эсте сактап калуунун мыкты каражаты болуп саналат.

Окуу-илимий же публицистикалык стилдеги китеп, макала менен иштетүүдө окуучуларга китептин, макаланын мазмунун системалуу түрдө үйрөтүү керек. Мунун эң алдыңкы ыкмасы ***конспектилөөгө үйрөтүү***. Окуучулардын алдында саясий, сын, адабият же тарых боюнча илимий макалаларды өздөштүрүү милдети тургандыктан, алардын мазмунун бекем эске сактоо үчүн ***тезис жана конспект*** жардамга келет. Бул ишти ортоңку класстардан баштоо менен жогорку класстарда аны улантып, системалуу окутуп-үйрөтүү ылайык. ***Тезис жана конспект*** түзүүнүн техникасына үйрөнүүдө окуучуда окуу-илимий стиль менен иштөө багытында практикалык машыгуу-

лар пайда болуп, жогорку окуу жайларында окуу-илимий-публицистикалык стилдердеги китептер, тексттер, лекция, докладдар менен иштөөгө алдын-ала даярдыктар жүрөт.

***Тезистер*** макаланын негизги жоболорунун кыскача мазмунун камтып, пландагы суроолорго жооп берет. Пландын пункттары бүтүндөй макаланын айрым бир бөлүктөрүнүн аталышын туюндуруп турат. ***Тезистин мүнөздүү белгилери*** – бүтүмдүүлүгү, негизделгендиги, жоболорунун ачык-айкын белгилүүлүгү, тактыгы болуп саналат. Бүтүндөй макаланын айрым жоболорунун анын айланасында бириккен, байланышкан, негизги ой пикирлер тезисте камтылат. Тезис түзүүдө макаладагы айрым бөлүктөрдүн негизги ойлорун гана чагылдырбастан, алардын карым-катышын, ички логикасын да бере билүү керек. Тезистин тили так, ачык болуп, ашыкча сөздөргө, кайталоого жол берилбейт. Ой жүгүртүүлөр окуу-илимий стилде так, аргументтүү, категориялык, математикалык теоремалар, лингвистикалык эрежелер сыяктуу тастыкталат. Көбүнчө, чакчылдар, чакчыл түрмөктөр катышып, жекеден жалпыга дегендей, бир түшүнүк менен экинчи түшүнүктүн маанисин көрсөтөт. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр жыш кездешет. ***Тезис түзүүнүн болжолдуу үлгүсүн*** окуучуларга үйрөтөбүз. Анда макала окулат; – экинчи жолу макала бөлүктөргө бөлүнүп окулат (план түзгөндөгү сыяктуу); – ар бир бөлүктөгү негизги маанини камтыган сүйлөмдөр белгиленип, жазылат. Ошол белгиленген сүйлөмдөрдөн кыскача текст, тактап айтканда, пландын пункттарына жооп бере турган ***тезис*** түзүлөт. Макаланы экинчи ирет окуунун максаты – текстке логикалык талдоо жасоо, жоболордогу (бир нече грамматикалык сүйлөмдөрдөн турган) ээ баяндоочту табуу. Окуучулар тезистин түшүндүрмөсүнө кирбей турган далилдөө, кайталоо, кошумча түшүндүрүү (мисалы, иллюстрациялар), киришүү жана башка тексттин үзүндүсүн, бөлүктөрүнүн логикалык ролдорун аныкташат. Мына ушундан улам тезис жазуу өтө татаал экенин да туюшат. Ошентсе да, көбүнчө грамматикалык, стилистикалык жактан бир кыйла даярдыгы бар окуучулар үчүн жеңил болушу мүмкүн.

Мугалим төмөнкү учурларда тезис түздүртөт. Мисалы:

- татаал макаланы өздөштүрүү үчүн;
- окугандарын жазууда жана бекемдөөдө;
- дил баянынын планын ойлонуштурууда;
- дил баянынын резюмесин түзүүдө.

Ушундан улам тезистер жөнөкөй жана татаал түрүндө да болорун окуучулар билип калышат. Анын жөнөкөй түрүнөн айрымаланып, татаал тезисте, бир нече жоболордун эң башкы далилдери келтирилет. Тезистерди мүмкүн болушунча макаланын текстине жакын түзүү менен, макаладан этияттык менен сөздөр, үзүндүлөр, сүйлөмдөр кыскартылат. Ар кыл стилдеги макалаларга тезис түздүрүүдө, көбүн эсе, көркөм, окуу-илимий, публицистикалык стилдеги макалаларга тезис түзүү жеңилирээк. «Тезис чыгарманын же макаланын эң негизги мазмунун камтыгандыктан, конспектиге салыштырмалуу көлөмү чакан болот»(5.98).

Көркөм чыгармалар боюнча көркөм стилде тезис жаратууда автордун башкы көз карашы, идеясы чагылдырылып, тезистин абзацтарындагы автордун негизги оюн, (автор эмнени далилдейт, кандай фактыны берет, кандай пикирди айтат) аныктоо зарылдыгы туулат. Көркөм чыгармага тезис түздүрүүдөгү төмөнкү эки багыт алгылыктуу:

- текст боюнча автордун негизги корутундусун алуу т.а. автордун тезисинен пайдалануу;
- чыгарма боюнча өзүнүн корутундусун берүү, автордун оюн өзүнүн сөзү менен баяндоо.

Текст боюнча автордун негизги корутундусун алууда төмөнкүлөр эсте болууга тийиш: 1) тексттеги автордун негизги көз карашын таба билүү; 2) ал корутундулардын алдын сызуу же көчүрүү. Ал эми алдын сызууда буларды көңүлгө түйүү зарыл: бир эле сөз болсо анын алдын (карандаш менен) бир сызып белгилөө; эгер, бир нече сүйлөм келсе, четине тик сызык менен белгилеп көрсөтүү; көчүрүп алган корутундуларды маанисине карата белгилүү тартипке келтирүү т. а. автордун оюн маанилик жактан тизмектештирип, иреттеп жазуу. Автордун көз карашын, оюн, өзүнүн сөзү менен баяндоодо төмөнкүлөр эске алынат: – иштин биринчи түрүндөй эле тексттеги автордун негизги корутундусун, көз карашын таба билүү; – ал корутундуларды автордун сөзү менен эмес, өз сөзү менен баяндоо; – аларды автордун ою менен иреттеп жазуу.

***Тезис*** далилдүү жана далилсиз түзүлүшү мүмкүн. өтө кыска тезиске далилдин зарылдыгы жок. Эгерде, көлөмдүү болсо анда далилдер сөзсүз зарыл. Конспектиге салыштырмалуу тезис көбүн эсе пункттарга бөлүнүп, ар бир пункт бүткөн бир ойду туюнтат. Бул окуу-илимий, публицистикалык стилдеги материалдарга, жооптуу докладдарга мүнөздүү. Ошондой эле көркөм чыгармАнын корутундулары да тезиске жатат. Дил баян, баяндаманын түрлөрүн жаздыруудан улам барабара конспект, тезис жазуунун ыкмалары пайда болгон. Иш кагаздарынын бул үлгүлөрүнүн (делеле үлгүлөрдү) класста илинип туруусу зарыл. Аны өз учурунда окуучулар таяныч катары колдонушу толук ыктымал.

Өтүлгөн материалдарды кайталоо, бекемдөө максатында үлгү-тезисти пайдалануу жемишин

бере тургандыгын практикадагы эксперименттин жыйынтыктары көрсөттү. Бир катар макала, докладдардын тезистерине машыктыргандан кийин окуучулар өз алдынча тезис түзүүгө канчалык машыгып калганы дайын болду.

**«10-11-класстарда конспект» (2.68) жазууга көнүктүрүү**. Конспект – окуган китептин мазмунун кыскартып жазууну туюнтарын да окуучулар билишет. Конспектинин негизги максаттары – окуган китептин авторун түшүнө билүү; материалды өздөштүрүү; мазмунун эске сактай алуу; өз пикирин баяндоого багыт алуу; чыгармачылык шыгынын ойгонуусу.

***Конспект*** түзүүдө дагы да төмөнкүлөр эске алынат: тексттин мазмунун түшүнө билүү; китептин текстин бүт көчүрбөстөн, кыскартып эң негизгилерин жазып алуу.

*Конспект жалпы жолунан экиге бөлүнөт:* ***1. Текстте таянган же тексттик конспект. 2. Эркин конспект.*** Мында китептин сөзү менен эмес, окуучу түшүнгөнүн өз сөзү менен кыскартып жазат. «Конспектилөөдө тексттеги башкы нерселерди так ажыратуу зарыл. Бул үчүн үлгү катарында текстти эки-үч абзацтан окуп, андагы негизги жана экинчи катардагы окуяларды айырмалапп көрсөтүү керек» (5.101).

Конспектинин абзацы, сүйлөмдөрү бири-бири менен маани жагынан байланыштуу болууга тийиш жана стили сакталуусу абзел. Конспектилөө үчүн алгачкы учурда илимий адабияттарды (тил, тарых, жаратылыш) пайдалануу ыңгайлуу. Анткени алар адабий чыгармаларга караганда конспектилөө үчүн жеңил келет. Кыска жана тандамалуу баяндамага даярдоочу логикалык көнүгүүлөр бара-бара окуучуларда ***конспект жана тезис*** жазуунун ыкмаларын пайда кылат. «Конспект, тезиске үйрөтүүдө биринчи иретте алардын терминдерин түшүндүрүүдөн баштоо керек» (5.102). Мугалим өзүнүн түзгөн тезистерин, конспектилерин таяныч катары окуучуларга көрсөтүүсү да пайдалуу. Алардын үлгүлөрүнүн класста илинип туруусу да окуучуларды таасирлентет. Мугалимдин өзүнүн конспект, тезистерин көрсөтүүсүнүн тарбиялык жагы да бар. Мугалим да сабакка жооптуу даярданаарын окуучулар сезишет. Мугалим сабактын конспектисин көрсөткөндө окуучулар конспект, тезис, жазуу иши бул – практикалык зарылдык экендигин түшүнүшөт.

***Конспект*** - тексттин мазмунун кыска баяндоого окшошуп кетет. Башка бирөөлөрдүн ойлорун кыскача түрдө баяндоого үйрөтүүчү кыска баяндама айрыкча ***эркин конспектиге*** өтө жакын келет. ***Эркин конспект*** тибинде, жазуучунун өмүрү, чыгармачылыгы баяндалган адабий темадагы мугалимдин лекциясын жазууну сунуш кылса болот. Окуучулар биринчи убактарда мугалимдин кайталап окуусунан кийин гана конспектилеп жаза алышат. Мугалим биринчи жолу окуганда алар доскага жазылган план боюнча окулуп жатканын гана байкай алышат. Экинчи жолку окуганда гана лекцияны конспектилешет. Ошол эле сабакта бир нече конспектилерди окуу менен аларды талдоо жана кемчиликтерин көрсөтүү зарыл. Кийинки сабакта окуучулар конспектилеген текстин окушат. Жооп берүүдө алар конспектилерин пайдаланбастан планды карап айтышат. Окуучулар мугалимдин бир нече чакан лекциясын, жолдошторунун кызыктуу докладдарын конспектелесе да болот. Конспектини адабият боюнча атайын жумушчу дептерине жазуу сунуш кылынат. Анткени алар кийин дил баян жазганда керек болушу мүмкүн.

***Конспектилөө*** - окуучунун жазуу кебин, кеп ишмердүүлүгүн, кептик компетенттүүлүгүн өнүктүрө турган жазуу ишмердүүлүгүнүн бирден-бир түрү катары саналаарын жана чыгармачылык менен өз алдынча иштөөчү иш-аракеттерге ачык мисал боло аларын сынообуздун жүрүшүндө даана байкадык. ***Конспектилөө*** – окулган жана угулган тексттерди ойлонулгандык менен логикалуу түрдө жазуу жүзүндө кагазга түшүрүү. Окуучу текстти дароо же бир нече убакыттан кийин жазуу жүзүндө кагазга түшүрөт. Конспектилөөгө чейин текстти терең ойлонуу менен «жети өлчөп, бир кесүү» зарыл. Конспектилөөнү үч этапта жүргүзөбүз: 1-этапта конспектилөөнүн ыкмалары колдонулат, 2-этапта конспектилөөнүн ыкмалары андан ары өркүндөтүлсө, 3-этапта жазууга киришет. Конспектилөөнүн мааниси айрыкча жогорку класстардын окуучулары үчүн өтө зор. Кийин жогорку окуу жайларына студент болгон кезде ар бир сабак боюнча лекцияларды конспектилөөдө кереги тийет. «Конспектини түзүүдө көп макалалардын ар биринин ичинен негизги деген жерлерин камтуу, ошондой эле, эгер, зарыл болсо, алардан кыскача жазып алуу, алардын баарын кайра-кайра окуганга убакыт коротпостон, окуган материалдардан эң маанилүү учурларын жазып алуу ишке ашат» (5.103)».

***Тексттик конспектилерди*** түзүүнүн техникасы анча деле татаалдык жаратпайт. эмес. Макаланы балдар окугандан кийин анын планына ылайык бөлүкчөлөргө бөлүшүп, тексттин негизги ойду камтыган ар бир бөлүктөрүнөн сүйлөмдөрдү ажыратышат же алдын сызышат. Мындан соң логикалык же стилистикалык байланыштын сакталышы үчүн алдын сызып белгилегендерин гана окушат. Кээде керектүү сүйлөмдөр менен толукташат. Мына ушундай жол менен ***текстке таянган конспект*** даяр болот. Бирок тексттик конспектилерди түзүү дайыма эле мүмкүн эмес. Көпчүлүк учурларда колдонгон булак-

тарды баяндоонун өзү бул конспектини түзүүгө мүмкүндүк бербейт. Бул качан гана автор өзүнүн оюн узак сүйлөмдөр, цитаталар менен таблица жана башка иллюстрациялар менен коштоп өнүктүргөндө ишке ашат. Мына ошондуктан ошол жерде ***эркин конспектилөөгө*** өтүп кетүү зарыл экендигин да мугалим окуучуларга түшүндүрүүсү шарт. Мында тексттин мазмунун алар өз сөзү менен кыска, байланыштуу кылып баяндай алышат. Конспектинин бул түрү тексттик конспектиге салыштырмалуу аз эмгекти талап кылат. Анын натыйжалуулугу кептин баяндалышына жана окулган макаланы майда баратына чейин өздөштүрүүгө байланыштуу болот.

Конспектилөөнүн техникасы эркин түрүндөгүдөй эле калат. Бирок негизги ой-пикирлерди баяндоо ойлонууну талап кылат. Конспектилөөнүн эң татаал формаларынын бири - макаланын текстинин окуучулардын колунда жоктугу болуп саналат. Бул учурда текстти бир же эки жолу окуу менен окуучулар аны эске тутуулары боюнча конспектилей алышат. Бул, бир чети, баяндамага да окшошуп кетет. Текст боюнча конспект түзүү ишинин жөнөкөй түрүн 10-11- класстарда апробация өткөрүү мезгилинде кеңири жүргүзүп көрдүк. ***«Конспект»*** деген түшүнүктү калыптандырууда окулган тексттин (китептин), же макаланын мазмунун кыскартып жазууну сунуштадык. Текст боюнча конспект түзүү окуучуларды өз алдыларынча билим алууга үйрөтүүдөгү китеп менен болгон жумуштун негизги түрүнүн бири экенин окуучулар эң сонун түшүнүштү. «Негизги максаттар - окуган китептин материалдарынан автордун оюн туура түшүнө билүү; материалдарды жакшы өздөштүрүү; экинчи жолу окуганда эске тез салуу; окуганына карай башка бирөөнүн өз пикирин айтып берүү; окуучулардын чыгармачылык шыгын өстүрүү; жалпы интеллектуалдык деңгээлин көтөрүү; ишке машыктыруу; окуй турган тексттин мазмунуна түшүнө билүүсү; тексттен өзүнун суроосуна жооп таба билүүсү; конспект түзүү ушул деп, китептеги тексттерди ар кай жеринен көчүрүп албастан, ал тексттеги материалдардан кыскартып, негиздүүлөрүн алуусу» (5.104) болуп саналат.

***Текстке таянган конспектини*** түзүү үчүн материалдардан керектүү учурларды китептин сөзү боюнча алып, керексиздери калтырылса, ***эркин конспектиде*** китептин (автордун) сөзү эмес, окуучунун өз сөзү менен баяндалат. Окуучу түшүнгөнүн өз сөзү менен кыскартып жазат. Конспект түзүүдө тексттеги негизги маселе кайсыл экендигин так ажырата билүү үчүн үлгү катарында тексттин 2 же 3 абзацын окуп, анын ичиндеги негизги маселе кайсы экендиги түшүндүрүлүп көрсөтүлөт.

***Текст боюнча конспект*** түзүүдө макала окулуп, ал кандай бөлүктөрдөн тура тургандыгы аныкталып, бөлүктөргө бөлүнөт. Ар бир бөлүм кайра окулат да, балдар анын негизги учурларын алышып, конспектини түзүүгө, жазууга киришет.

Конспектинин абзацы, сүйлөмдөрү бири-бири менен маани жагынан байланыштуу болуу менен стиль жагынан иретке салынууга тийиш. Мүмкүнчүлүгүнө жараша түзүлгөн конспектини текст менен салыштырып, текшерүү керек. Конспектилөө үчүн алгачкы учурда окуу-илимий адабияттардан (кыргыз тили, тарых, география, жаратылыш ж.б.) пайдаланууга болот. Анткени алар адабий чыгармаларга караганда конспектилөө үчүн жеңилдик кылат.

**Цитатадан (шилтемеден)** пайдалана билүү ишине программага ылайык (2.68) 10- класста үйрөтүлөт. Цитатаны тандай билүүнүн мааниси төмөндөгүдөй: – окуган чыгарманын идеясын түшүнүү үчүн; – окуучулардын көркөм ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн; – сүйлөөчүнүн сөзүн жандуу кылып көрсөтүү үчүн; – цитата дил баян, докладда колдонулуп ойду бекемдөө жана далилдүүлүк үчүн кызмат кылып, ой жүгүртүүгө үйрөтүү менен окуучунун оозеки, жазуу кеп маданиятын, кептик компетенттүүлүгүн калыптандырууга өбөлгө болот.

***Цитатадан*** пайдалануунун жолдору төмөнкүдөй: – текстти окууда цитата үчүн зарыл материалдарды тандап алып, карандаш менен белгилөө; белгиленген цитаталардын мазмунун, далилдүүлүгүн кароо; – цитатаны көчүрүп жазууда автордун аты, жөнү, китептин аты, чыккан жылы, басманын аталышы, бети так көрсөтүлүүгө тийиш; – цитата башка бирөөнүн сөзү болгондуктан аны туура өзүндөй берүү керек. Цитатадан башка макал-ылакаптардан пайдаланууга үйрөтүүдө алардын маанисине токтолуу, цитатаны туш келди ала бербестен, зарылдыгына карата тандоо, дил баянына жана докладдын темасына байланыштыруу зарыл. Цитатага классик жазуучулардын, акындардын саптарынан, улуу адамдардын сөздөрүнөн, өкмөт жетекчилеринин айткандары же документтерден үзүндүлөр алынат. Ошондой эле, окуучуларды көчүрмөдөн пайдаланууга үйрөтүүдө көркөм, окуу-илимий, публицистикалык китептерди, эмгектерди окуганда өзүнө керектүү гана жерлерин жазып, көчүрүп алгыдай болуусу маанилүү.

«Муну эки түрдө жүргүзсө болот: 1) Окуган китептери жөнүндө атайын дептерге жазып жүрүү (конспектилөө) аркылуу; 2) Атайын карточкага толтуруп, аларды жыйнап жүрүү. Кандай түрүн пайдаланса да көчүрмө алынган китептин автору, аталышы, чыккан жылы, басылган басмасы, бети көрсөтүлөт» (5.105).

Сыноо мезгилинде жогорку класстардын окуучулары цитата келтире билүүдөн кыйналышарына күбө болдук. Цитата алуунун тартибин билишпей, кээде автордун сөзүн пайдалана албагандыктан тигил же бул дил баян, доклад же реферат үчүн зарыл цитатаны таба алышпай, бүтүндөй барактарды көчүрүп алышарын көрдүк. Ошол себептүү цитатаны колдонуунун ыкмаларына анча татаал эмес окуу-илимий жана адабий материалдын негизинде үйрөтүү менен бара-бара татаал түрүнө өтүү ишке ашырылды. Биринчи кезекте оозеки түрүндө үйрөтүп, мугалим аталган темага жооп бере турган үзүндүлөрдү окуучулар өздөрү окуган чыгармалардан белгилегенге үйрөнүшсө алгылыктуу болорун сыноо көрсөттү.

***Цитата*** тандоонун элементардык түрүнө кайсы бир каармандын кебин ажыратып билүү да кирет. Айрым жомок-аңгемелерди ролдоштуруп окутуу да пайдалуу. Мындай иштерди жазуу жүзүндө аткарууда текстти окуп алып, анан керектүү жерлерин белгилеп алышат. Кайсы бир цитаталарды окуучулар оозеки, жазуу кебинде ыгы менен орундуу колдоно билүүгө үйрөнүштү. Жогорку класстарда жазуу иштеринде цитаталар кеңири колдонуп калышты. Окуучулар тапшырылган темада цитаталарды табышты; Тандалган цитаталарды колдонуу менен дил баян, баяндама жазышты. Сыноо жүргүзгөн мугалимдер аларды талдоого алып, объективдүү баа берилди. Окуучулар кандай цитатаны кайсы учурда колдонууну билип, аларды билгичтик менен пайдаланып дил баян, конспект, докладдарда рефератта төмөнкү учурларды ийгиликтүү аткарышты:

- автордун ойлорун өзүнүн жеке сөздөрү менен бекемдөөдө;
- окуучу өзүнүн жекече ой жүгүртүүлөрүн жазуучунун чыгармаларындагы цитаталар менен кошумчалагысы келгенде;
- качан окуучу өзүнүн кебинде автордун образдуу же алгылыктуу ойлорун колдогусу келгенде;
- автордун стилинин өзгөчөлүгүн билүү керек болгондо ж.б.

Окуучулардын цитаталарды туура тандоосу жана орундуу колдонуусу аларды жоопкерчиликке үйрөтөрүнө күбө болдук. Анткени цитатаны алууда абзацтагы бүтүндөй текстти «үзүп-жулкуп» алгандан сактанышы керек да. Мындай болгондо жазуучунун ой жүгүртүүлөрү өз маанисин жоготот. Цитаталарды ылгоонун ыкмаларына үйрөтүү үчүн атайын сааттарды арнаса да аздык кылат. Цитата алуудан кетириле турган каталар алдын алып эскертилип отурду.

Мисалы, эмоционалдуу-экспрессивдүү эмес маанидеги этиш сөздөрдүн кайталануусу: «жазат», «айтат», «деген», «керек», «болот», «деди», «дептир». Мындай супсак кайталоолор стилди жардылантып, классиктердин таасын ойлорунун жанында угумсуздукка алып келет. Көбүнчө, дил баянга цитата алууну үйрөтүү ыктуу. Темага дал келген жазуучу-классиктердин учкул ойлорун, таасын сөздөрүн, кыска бирок нуска накыл кептерин, даанышмандык менен айтылган акылман пикирлерди цитатага алуу стилди байытып, кайсы гана жазуу жумушу болбосун мазмундук жактан толуктайт.

Цитата алууда стилдик кемчиликтерден качуу үчүн: *1-ден,* ар кыл этиш сөздөрдүн ордуна автордун предметке, окуяга, көрүнүшкө карата ой жүгүртүүсүн ачык-айкын чагылдыра турган сөздөрдү тандоо. Мисалы, Т. Сыдыкбеков мындай деп «жазат», «айтат» дегендин ордуна жазуучу «сунуш кылат», «чакырган», «даңктаган», «кубанган», «колдогон», «наараз болгон» дегендей боекчолуу сөздөрдү колдонуу. *2-ден,* ошол эле этиш сөздөрдү образдуу маанидеги көркөм каражаттар менен толуктоо; *3-дөн,* цитаталарды автордун сөздөрү менен гана албастан, өз сөзүн кошуп да берүү. *4-дөн,* киринди сөздөрдүн жардамы менен текстке цитаталарды киргизүү. Чыгармадагы башкы ойлорду мугалим түшүндүргөндөн кийин, балдар ал материалды үйлөрүнөн окуп, мазмунун түшүнүү менен цитата алуучу жерлерин белгилеп келүүнү тапшырат. Цитата өз алдынча сүйлөм. Анткени анда автор өзүнүн айтайын деген оюн өнүктүрүп жүрүп отурат. Автордун сөздөрүн тике сөздүн алдында, ортосунда жана андан кийин коюу менен окуучу синтаксистик конструкциялардын ар түрдүүлүгүнө жетише алат. Кээде экспрессивдүү, образдуу этиш сөздөр да стилистикалык максатта автордун сөзү катарында пайдаланылат. Цитата алууда логика-стилистикалык каталарды түзөтүүнүн үстүндө да иш жүргүзүлөт. Мисалы:

- тике сөздүн кыйыр сөз менен аралашып кетүүсүн оңдоо;
- кыйыр сөз менен тике сөздүн ортосундагы грамматикалык байланыштын бузулушун түзөтө билүү;
- автордун кебиндеги кайталоону, орунсуз колдонууну түзөтө алуу.
- окуучулар цитаталарды кайдан алгандыгын булагын көрсөтүүсү;
- басманын атын, беттерин көрсөтүүсү ж.б. Бул талаптар цитата ала билүүнүн ыкмаларына окуучуларды көнүктүрөт.

Цитатаны пайдалана билүүнүн айрыкча төмөнкүдөй мааниси бар:

- окуган чыгарманын идеясын толук түшүнүү үчүн;
- окуучулардын көркөм ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн; сүйлөөчүнүн сөзүн жандуу кылып көрсөтүү үчүн;
- цитата дил баянда, докладда колдонулуп, далилди бышыктоо, ойду бекемдөо үчүн кызмат кылат;
- окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн, кептик компетенттүүлүгүн өстүрүүгө өбөлгө түзөт ж. б.

Цитатадан пайдалануунун жолдору төмөнкүдөй: 1. Текстти окууда цитата үчүн керектүү мАтериалдарды тандап, карандаш менен белгилөө; 2. Экинчи ирет белгиленген цитаталарды бир сыйра канчалык кызыктуу, далилдүү ж.б. саптарын карап чыгуу; 3. Цитатаны көчүрүп жазуу; 4. Цитатаны көчүрүүдө автордун аты жөнү, китептин аты, чыккан жылы басылган басмасы, бети туура көрсөтүлүүгө тийиш. Цитата башка бирөөнүн сөзү болгондуктан, аны абдан туура, так берүү керек. Цитатадан башка окуучулар макал, ылакаптардан кеңири пайдаланышат. Мунун маанисин түшүндүрүү зарыл. Цитатаны туш келди эмес, керектүү учурунда пайдалануу керек экендигин түшүндүрүү маанилүү.

**Реферат жазууга үйрөтүү** *иши да 10–11-класстарда кеңири жүргүзүлөт.* Реферат да окуу-илимий стилдеги практикалык иштердин катарына кирет. Ал материалдарынын кеңирилиги жана өз алдынчалуулугу менен айырмаланат. Анын темасын мугалимдин кеңеши менен же окуучулардын өздөрү тандашса болот. Тигил же бул окуу-илимий темада реферат (доклад) жазуу үчүн ошол темадагы адабияттардын бардыгын окуп чыгуу, анын үстүнөн иштөөнүн жолдорун үйрөнүү зарыл. Реферат жазууга кеңири убакыт бөлүнгөндүктөн, окуучулар бир нече ирет мугалимден кандай адабияттарды кантип пайдалануу тууралуу кеңеш ала алышат. Реферат окугандан кийин бүт окуучулардын катышуусу менен талкууланат. Мугалимдин жетекчилиги астында тигил же бул деңгээлде рефератта чагылдырылган проблема талдоого алынат. Талкуу жандуу кызыктуу болуусу үчүн рефераттагы темага бардык окуучулар даярданышы керек. Бул үчүн ал маселе боюнча айрым материалдарды класста көрсөтүп, тааныштыруу менен, доклад окуларына бир нече күн калганда рефераттын тезиси илинип коюлат (окуучулардын таанышуусу үчүн).

Рефераттын максаты окуучуларды окуу-илимий стилде өз алдынча жазуу жумушун даярдоого, талкуу процессинде башкалардын көз карашын сындоого үйрөтөрүн сынообузда көрдүк. Рефератта тандалган тема боюнча жаңы малыматтар баяндалышы керек. Рефераттын темасы өтүлгөн материалдарга үндөш, байланыштуу болгондо гана натыйжа чыгат. Рефератты угуу жана талкуулоого эки саат жетиштүү. Окуу жылы ичинде бир кыйла темада рефераттарды жаздыртууга шарт бар экендигин байкадык. Рефераттарды, айрыкча, ийримдерде практикалоо жемиштүү. Сыноо мезгилинде бир катар рефераттарды жаздырып көрдүк. Төмөндө реферат жазууда эске ала турган суроо-талаптарды белгилемекчибиз:

- ой-пикирлеринин ортосундагы байланыштын сакталышы;
- план менен баяндоосунун арасындагы байланыш;
- баяндоосунун ачыктыгы, тактыгы, белгилүүлүгү;
- предмет тууралуу маалымат сыяктуу көз караштарынын тууралыгы;
- тавтология, плеонизмдер, бир ойдун, сөздүн орунсуз улам-улам кайталанбоосу;
- орфографиялык, пунктуациялык каталарды кетирбөө;
- темадан четтебей максат ченемдүү жаза билүү;
- материалдарды пландаштыруу: киришүү, негизги бөлүм, корутунду;
- иштин тезистерин түзө алуу; аргументтештирүү, жоболорду фактылар менен далилдөө; ой жүгүртүүсүнүн максатына жетүүсү;
- бул тема боюнча башка ойлордун болуусун эсептөө, алардан мисал келтирип, баалай билүү же туура эмес болсо жокко чыгаруу;
- тексттин композициясын ойлонуу менен ишти өз алдынча, жекече, так аткаруу; ой жүгүртүүнүн логикалуу, бекем, терең, ишенимдүүлүгү;
- ачык эмес чар жайыт негизсиз баш-аягы жок ойлорго жол бербөө;
- ишти жазып бүтүп, аны кайрадан редакциялап, өркүндөтүү.

Жыйынтыктап айтсак, жогорку класстарда кыргыз тили сабагында окуу-илимий стилди окутуу менен кеп ишмердүүлүгүнө, кептик коммуникативдик-компетенттүүлүккө үйрөтүүчү практикалык машыгуу, көнүгүү иштерин жүргүзүү иши - окуучулардын окуу-илимий интеллектуалдык деңгээлин көтөрүү менен бирге эле алардын окуу-илимий кебин калыптандырууда таасири күчтүү экендигин иликтөөбүздүн жүрүшү көрсөттү.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз республикасынын мектептеринде билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары.Б: 2006.

2. Орто мектептердин, гимназия-лицейлердин 5-11-класстары үчүн кыргыз тили боюнча программа Б: 2015.

3. Т.Аширбаев Кыргыз тилинин стилистикасы: функционалдык стилдер. 4-китеп.Б:2004.

4. Азыркы кыргыз адабий тили. Коллектив.Б:2009.

5. В.Мусаева. Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу. Монография. Б:2009

6. М.Н.Кожина Стилистика русского языка. М: Просвещение,1983

7. Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы. 20б.

8. Мусаева В. Кыргыз тилин компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. Б.: 2014. 100б.

9. Мусаева В. Кыргыз тилин жана адабиятын компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. Б.: 2014. 96б.